**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жыл үчүн бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетуна түшүндүрмө кат**

## I. Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) бюджетинин жалпы кирешеси 130 061,8 млн. сомду түздү. 2024-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 14 820,2 млн. сомго же 112,9 %га көбөйдү. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин кирешеси 6,6 %ды түздү.

(млн. сом)

| | 2024-жылга аткары-лышы | 2025-жылга бюджет | 2025-жылга аткары-лышы | 2024-жылдын аткарылышына карата | | 2025-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК КИРЕШЕЛЕР** | **115 241,6** | **129 183,7** | **130 061,8** | ***14 820,2*** | ***112,9*** | ***878,1*** | ***100,7*** |
| *ИДПга карата %* | *7,6* | *7,4* | *6,6* | | | | |
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 73 722,8 | 82 136,0 | 82 863,1 | *9 140,3* | *112,4* | *727,1* | *100,9* |
| Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар | 39 367,2 | 44 365,6 | 44 365,6 | *4 998,4* | *112,7* | *0,0* | *100,0* |
| Башка кирешелер | 2 151,6 | 2 682,0 | 2 833,1 | *681,5* | *131,7* | *151,1* | *105,6* |

### Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмү 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча 82 863,1 млн. сомду же белгиленген пландык тапшырма 100,9 %га аткарылды. 2024-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрү 9 140,3 млн. сомго же 112,4 %га өстү, анын ичинде:

(млн. сом)

| Көрсөткүчтөр | 2024-жылдын аткары-лышы | 2025-жыл | | 2024-жылдын аткарылышына карата | | 2025-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | бюджет | аткар-ы | +/- | % | +/- | % |
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү, а.и.:** | **73 722,8** | **82 136,0** | **82 863,1** | **9 140,3** | **112,4** | **727,1** | **100,9** |
| Юридикалык жактар, жеке ишкерлер | 72 058,9 | 79 881,0 | 80 412,4 | 8 353,5 | 111,6 | 531,4 | 100,7 |
| Дыйкан-фермердик чарбалар | 266,5 | 369,0 | 162,9 | -103,6 | 61,1 | -206,1 | 44,1 |
| Жеке ишкерлер (полис) | 1 397,4 | 1 886,0 | 2 287,8 | 890,4 | 163,7 | 401,8 | 121,3 |

Ишкердик субъекттер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча тарифтердин чендери азайганына жана дыйкан жана фермердик чарбалардын камсыздандыру төгүмдөрүн милдеттүү түрдө төлөөдөн бошогондугуна карабастан 2025-жылы камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча алгылыктуу өсүү болду. Өсүш юридикалык жактардын эмгек акысынын көбөйүшү менен шартталган.

Мындан тышкары «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2025-жылдын 1-сентябрынан тартып жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу заказы үчүн колдонулган маалыматтык системага, такси кызматынын жана курьердик кызматтын кызматтарына туташуу кызматтарын көрсөткөн юридикалык жактар жана жеке ишкерлер жеке жак тарабынан алынган кирешенин 1% өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрүн кармап калууга жана төлөөгө милдеттүү. Натыйжада, жылдын жыйынтыгы боюнча курьердик жеткирүү жана такси кызматтарын көрсөткөн 100,0 миңден ашуун адам камсыздандыруу төгүмдөрүн жаңы тариф боюнча төлөй башташты.

Юридикалык жакты түзбөгөн дыйкан жана фермердик чарбаларынан жана жер үлүшүнө/участогуна ээ болгон жеке жактардан камсыздандыруу төгүмдөрү 369,0 млн. сом өлчөмүндө пландаштырылган. Бул категориядан түшүүлөрдү болжолдоодо 2025-жылдын июнунан баштап 1 га жана андан ашык өлчөмдө жер үлүштөрүнүн же участокторунун ээлери үчүн ай сайын ОАЭ өлчөмүнөн 6%дан кем эмес түшүшү керектиги эске алынган. Бирок, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 29-октябрындагы № 243 “Салык салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамына ылайык, 2025-жылдын 1-июнунан баштап мындай адамдар милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулуп, ыктыярдуу төлөөгө өткөрүлгөн. Ушуга байланыштуу, 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча бул категориядагы төлөөчүлөрдөн 162,9 млн. сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү түшкөн, бул 206,1 млн. сомго пландаштырылгандан аз, 2024-жылга салыштырмалуу төмөндөө 103,6 млн. сомду түзгөн.

2025-жылы камсыздандыруу полистерин сатып алуу жолу аркылуу камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөн жеке ишкерлерден камсыздандыруу төгүмдөрү 2 287,8 млн сом суммасында түшкөн, бул болжолдонгон көрсөткүчтөн 401,8 млн сомго көп жана өткөн жылга салыштырмалуу өсүү 163,7%ды түздү, суммалык түрдө 890,4 млн сомго көп.

Жеке ишкерлерден түшкөн каражаттын олуттуу өсүшү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы тарабынан төлөмдөрдү ачык-айкын башкаруу үчүн «Базар» маалыматтык платформасынын ишке киргизилишине байланыштуу, бул соода түйүндөрүн эсепке алууга жана базарларда мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун камтуусун жакшыртууга мүмкүндүк берди.

## Республикалык бюджеттен ассигнованиелер

2025-жылы республикалык бюджеттен ассигнованиялардын түшүүсү 44 365,6 млн. сомду түздү же 2024-жылга салыштырмалуу 4 998,4 млн. сомго көбөйдү.

Ассигнованиялар боюнча керектөөлөрдүн өсүшү 2025-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгү индексациялангандыгына байланыштуу, алардын жалпы өлчөмү үстөк акыларды эске алганда 7100 сомдон төмөн, тактап айтканда, мындай пенсиялардын жалпы өлчөмү үстөк акыны эске алганда 7100 сомго чейин жеткирилди.

Мындан тышкары пенсионерлердин санынын өсүшү жана макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшү менен шартталган.

(млн. сом)

| | **2024-жылга аткарылышы** | **2025-жыл** | | **2024-жылдын аткарылышына өсүшү** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **бюджет** | **аткарылышы** | +/- | % |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 28 223,4 | 32 737,8 | 32 737,8 | *4 514,4* | *116,0* |
| Электр энергиясы үчүн компенсация | 1 489,5 | 0,0 | 0,0 | *-1 489,5* | *0,0* |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 4 535,0 | 4 859,0 | 4 859,0 | *324,0* | *107,1* |
| Аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 94,3 | 117,9 | 117,9 | *23,6* | *125,0* |
| Пенсия жана пенсияларга үстөк акылар | 5 025,0 | 6 650,9 | 6 650,9 | *1 625,9* | *132,4* |
| **БАРДЫГЫ** | **39 367,2** | **44 365,6** | **44 365,6** | ***4 998,4*** | ***112,7*** |

## Башка кирешелердин түшүүсү

Социалдык фонд тарабынан 2025-жылы туумдардан жана айыптардан, Социалдык фонддун эсептериндеги акча каражаттардын күнүмдүк калдыктарына эсептелген пайыздардан, дивиденддерден жана башка булактардан 2 833,1 млн. сом киреше алды.

(млн. сом)

| | **2024-жылга аткары-лышы** | **2025-жылга бюджет** | **2025-жылга аткары-лышы** | **2024-жылдын аткарылышына карата** | | **2025-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **Бардыгы, анын ичинде:** | **2 151,6** | **2 682,0** | **2 833,1** | ***681,5*** | ***131,7*** | ***151,1*** | ***105,6*** |
| ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 137,0 | 124,0 | 124,0 | *-13,0* | *90,5* | *0,0* | *100,0* |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| убактылуу бош акча каражаттарын МБК жайгаштыруудан түшкөн киреше | 489,1 | 1 234,0 | 1 234,0 | *744,9* | *252,3* | *0,0* | *100,0* |
| камсыздандыруу төгүмдөрүн оз убагында жана толук которбогондугу үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 352,5 | 400,0 | 466,9 | *114,4* | *132,5* | *66,9* | *116,7* |
| эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 1 118,2 | 900,0 | 904,9 | *-213,3* | *80,9* | *4,9* | *100,5* |
| пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 5,8 | 2,0 | 0,0 | *-5,8* | - | *-2,0* | - |
| регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 22,6 | 10,0 | 38,9 | *16,3* | *172,2* | *28,9* | *388,5* |
| Социалдык фонддун башка каражаттары | 26,4 | 12,0 | 64,4 | *38,0* | *243,9* | *52,4* | *536,7* |

**Социалдык фондго таандык акционердик коомдордун акциялары боюнча дивиденддердин түшүүсү**

Социалдык фондго 2025-жылы төмөнкү акционердик коомдордон жалпы суммасы 124,0 млн сом өлчөмүндө дивиденддер түшкөн:

- «Кыргызстан Аэропорттору» ААК – 91,2 млн сом;
- «Кыргызнефтегаз» ААК – 28,1 млн сом;
- «Кыргызтелеком» ААК – 2,8 млн сом;
- «Учкун» ААК – 1,6 млн сом;
- «Бишкек машина куруу заводу» ААК – 0,3 млн сом.

## II. Социалдык фонддун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы

Социалдык фонддун бюджетинин жалпы чыгымдары 127 060,8 млн. сомду түздү, бул пландалган бюджеттен 648,1 млн. сомго аз. 2024-жылга салыштырмалуу бюджеттин чыгымдары 18 997,4 млн. сомго же 117,6 %га көбөйдү. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары 6,4 %ды түздү.

Пенсиялык фонд боюнча чыгымдар 113 326,9 млн. сом суммасында аткарылды, 2024-жылга карата өсүш 15 735,5 млн. сомду түздү, бул пенсионерлердин санынын жыл сайын өсүшү жана пенсиялардын жогорулашы менен шартталган.

(млн. сом)

| | 2024-жылга аткары-лышы | 2025-жылга бюджет | 2025-жылга аткары-лышы | 2024-жылдын аткарылышына карата | | 2025-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК ЧЫГЫМДАР** | **108 063,4** | **127 708,9** | **127 060,8** | ***18 997,4*** | ***117,6*** | ***-648,1*** | ***99,5*** |
| *ИДПга карата %* | *7,1* | *7,2* | *6,4* | | | | |
| **Пенсиялык фонд боюнча, а.и.:** | **97 591,4** | **114 087,0** | **113 326,9** | ***15 735,5*** | ***116,1*** | ***-760,1*** | ***99,3*** |
| *ИДПга карата %* | *6,4* | *6,4* | *5,7* | | | | |
| пенсия жана жөлөкпулдар | 95 416,7 | 110 934,6 | 110 251,6 | *14 834,9* | *115,5* | *-683,0* | *99,4* |
| пенсия жана жөлөкпулдарды чектөө жана жеткирүү боюнча чыгымдар | 663,0 | 743,8 | 728,2 | *65,2* | *109,8* | *-15,7* | *97,9* |
| Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары | 17,4 | 21,1 | 20,4 | *3,0* | *117,2* | *-0,7* | *96,7* |
| административдик чыгымдар | 1 118,2 | 1 318,7 | 1 258,0 | *139,8* | *112,5* | *-60,7* | *95,4* |
| резервдик фонд | 2,0 | 2,0 | 2,0 | *0,0* | *100,0* | *0,0* | *100,0* |
| өнүктүрүү фонду | 372,6 | 1 063,8 | 1063,7 | *691,0* | *285,5* | *-0,1* | *100,0* |
| мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө | 1,5 | 3,0 | 3,0 | *1,5* | *197,5* | *0,0* | *100,0* |
| **Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча** | **5 045,9** | **6 304,2** | **6 304,2** | ***1 258,3*** | ***124,9*** | ***0,0*** | ***100,0*** |
| **Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча** | **643,7** | **984,2** | **984,2** | ***340,5*** | ***152,9*** | ***0,0*** | ***100,0*** |
| **МТПФ боюнча** | **4 782,4** | **6 333,5** | **6 445,5** | ***1 663,1*** | ***134,8*** | ***112,0*** | ***101,8*** |

## Пенсияларды жогорулатуу жана кайра эсептөө

Пенсионерлердин жашоо деңгээлин мындан ары колдоону камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-августундагы № 534 токтомуна ылайык 2025-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрү 10%га, бирок 600 сомдон кем эмес жана пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү 50 000 сомдон ашкан пенсияларга 5000 сомдон көп эмес жогорулатылды.

Ошондой эле, пенсиянын жалпы өлчөмү (үстөктөрдү эске алганда) өткөн жылы түзүлгөн пенсионердин жашоо минимумунан (7100 сом) төмөн пенсиялар үчүн пенсиянын базалык бөлүгүн жеткирүүнүн эсебинен “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларды кошпогондо, мындай пенсиялардын жалпы өлчөмү пенсионердин жашоо минимумунун өлчөмүнө чейин индексацияланды.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча пенсионерлердин саны 816,6 миң адамды түздү.

“Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Социалдык фонд жыл сайын 1-январга карата жекече (индивидуалдык) эсепте турган жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөп иштеп жаткан пенсионерлердин пенсиянын экинчи камсыздандыруу бөлүгүн (ЖЭ2) кайра эсептейт.

2025-жылдын 1-январынан тартып пенсия чектелген күндөн баштап же пенсиянын экинчи камсыздандыруу бөлүгү акыркы кайра эсептелишинен 2024-жылга топтолгон камсыздандыруу төгүмдөрүнөн автоматташтырылып кайра эсептелди. Алардын саны 135 072 адамды түздү.

## Социалдык фонддо санариптештирүү боюнча маалымат

Социалдык фонд 2024–2025-жылдары өзүнүн негизги маалымат системасын – Автоматташтырылган маалымат системасын (АМС) этап-этабы менен модернизациялады, ал фонддун пенсиялык жана социалдык камсыздоо бөлүгүндөгү бардык ишинин технологиялык негизи болуп саналат.

2024-жылы, модернизациялоонун биринчи этабында, пенсиялык төлөмдөрдү электрондук түрдө түзүү жана алардын жүрүшүн көзөмөлдөө (трекинг) үчүн жооп берген «Төлөмдөр» веб-модулу иштелип чыгып, ишке киргизилген.

2025-жылы башталган экинчи этапта Социалдык фонддун жаңы негизги АМС платформасы иштелип чыкты, ал жекече эсепке алуу жана камсыздандыруу төгүмдөрүн эсепке алуудан баштап пенсия чектөө жана кайра эсептөөгө чейин бардык функционалдарды камтыйт.

Учурда тендердик жол-жоболор ийгиликтүү жүргүзүлдү, келишимге кол коюлуп жеткирип берүүчү аныкталды жана 2025-жылдын августунан тартып Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жаңы АМСти иштеп чыгууга киришти. Жаңы АМС коопсуздук жана масштабдуулук талаптарын эске алып, заманбап технологялык платформалардын негизинде түзүлдү:

- АМСтин негизги функционалдык модулдары иштелип чыкты (эсепке алуу, эсептөө, төлөмдөр, отчеттуулук);
- башка АМС менен ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү кызматтары ишке ашырылууда (анын ичинде «Түндүк» интеграциялык шлюзу аркылуу);
- эски системадан жаңы контурга маалымат базасын көчүрүүгө даярдык иштери жүргүзүлүүдө (пилоттук жүктөөлөр, верификация, артка кайтаруу планы).

АМСти иштеп чыгуу мөөнөтү 2025-жылдын 31-декабрында аяктады. Толук эксплуатацияга киргизүү мөөнөтү — 2026-жылдын 1-августу.

## Резервдик фонддун пайдаланышы

Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинде резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сом суммасында пландалган.

Бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча кайрымдуулук жардамга резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сомду түздү. Майыптар күнүнө 0,2 млн. сом суммасында жана Карылар күнүнө карата 1,8 млн. сом суммасында кайрымдуулук жардам көрсөтүлдү.

## Өнүктүрүү фондунун пайдаланышы

Социалдык фонддун 2025-жылга бюджетинде өнүктүрүү фондунун чыгымдары 1 063,8 млн. сом суммасында бекитилген, иш жүзүндөгү чыгашалар 1 063,7 млн. сомду түздү.

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоого бюджеттен 2025-жылы 6 304,2 млн. сом суммасында каралып, толугу менен каржыланды.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоого бюджеттен 984,2 млн. сом суммасында каралып, толугу менен каржыланды.

## Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду

2026-жылдын 1-январына карата Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонддун (мындан ары – МТПФ) каражаттарынын көлөмү 62 810,3 млн. сомду түзгөн, ал эми 2025-жылдын 1-январына карата 51 083,1 млн. сом түздү, тактап айтканда, бир жыл ичинде МТПФ каражаттары 11 727,2 млн. сомго көбөйгөн.

МТПФ бюджетинин жалпы кирешелери 13 183,9 млн. сомду түзүп, пландаштырылган бюджеттен 160,5 млн. сомго көп же аткарылышы 101,2 % түзгөн.

2025-жылы МТПФга камсыздандыруу төгүмдөрү 6 445,5 млн. сом өлчөмүндө түшүп, бул пландан 112,0 млн. сомго көп, же аткарылышы 101,8 % түзгөн.

Мурда жайгаштырылган баалуу кагаздардан жана депозиттик салымдардан түшкөн киреше 2025-жылы 6 733,8 млн. сомду түзүп, бул пландалган 6 687,8 млн. сомдон 46,0 млн. сомго көп, аткарылышы 100,7% болгон, анын ичинде:

- баалуу кагаздардан түшкөн киреше – 5 755,8 млн. сом;
- депозиттик салымдар боюнча пайыздык киреше – 940,9 млн. сом.

Мындан тышкары, МТПФ эсептериндеги күнүмдүк акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар 37,1 млн. сом

суммасында түшүп, пландалган 22,0 млн. сомго салыштырмалуу аткарылышы 168,6 % түзгөн.

Башка кирешелер 1,9 млн. сомду түзгөн, ошондой эле «Кыргызстан» жана «Дордой Салым» топтомо пенсиялык фонддорунан 2,7 млн сом түшкөн.

(млн. сом)

| | **2024-жылга аткары-лышы** | **2025-жылга бюджет** | **2025-жылга аткары-лышы** | **2024-жылдын аткарылышына карата** | | **2025-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫГЫ** | **10 337,3** | **13 023,4** | **13 183,9** | ***2 846,6*** | ***127,5*** | ***160,5*** | ***101,2*** |
| 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү | 4 782,4 | 6 333,5 | 6 445,5 | *1 663,1* | *134,8* | *112,0* | *101,8* |
| 2. МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн каражаттар, анын ичинен: | 5 546,6 | 6 687,8 | 6 733,8 | *1 187,2* | *121,4* | *46,0* | *100,7* |
| *МТПФ эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар* | *19,7* | *22,0* | *37,1* | *17,4* | *188,3* | *15,1* | *168,6* |
| *мамлекеттик баалуу кагаздардан* | *4587,3* | *5 755,8* | *5 755,8* | *1 168,5* | *125,5* | *0,0* | *100,0* |
| *депозиттерден* | *939,6* | *910,0* | *940,9* | *1,3* | *100,1* | *30,9* | *103,4* |
| 3. Башка кирешелер | 3,3 | 0,05 | 1,9 | *-1,4* | *57,6* | *1,85* | *3800,0* |
| Топтомо пенсиялык фонддордон (НПФ) түшкөн суммалар | 5,0 | 2,0 | 2,7 | *-2,3* | *54,0* | *0,7* | *135,0* |

МТПФнын бюджетинин жалпы чыгымдары 1 456,7 млн. сомду түзүп, бул пландалган бюджеттен 419,7 млн. сомго аз, аткарылышы 77,6% болгон. Анын ичинде:

- пенсиялык топтоолорду төлөө боюнча чыгымдар – 1 414,5 млн сом;
- банктык тейлөө чыгымдары – 4,4 млн сом;
- административдик чыгымдар – 12,1 млн сом;
- пенсиялык топтомо каражаттарын өткөрүп берүү – 25,3 млн сом;
- башка чыгымдар – 0,4 млн сом.

(млн. сом)

| | **2024-жылга аткары-лышы** | **2025-жылга бюджет** | **2025-жылга аткары-лышы** | **2024-жылдын аткарылышына карата** | | **2025-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫГЫ** | **1 441,8** | **1 876,4** | **1 456,7** | ***14,9*** | ***101,0*** | ***-419,7*** | ***77,6*** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Пенсиялык топтоолорду төлөө | 1 370,6 | 1 800,0 | 1 414,5 | *43,9* | *103,2* | *-385,5* | *78,6* |
| ТПФ каражаттарды которуу | 31,3 | 50,0 | 25,3 | *-6,0* | *80,8* | *-24,7* | *50,6* |
| Административдик-башкаруу чыгымдары | 36,2 | 19,4 | 12,1 | *-24,1* | *33,4* | *-7,3* | *62,4* |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар | 3,6 | 6,0 | 4,4 | *0,8* | *122,2* | *-1,6* | *73,3* |
| Башка классифика-цияланбаган чыгымдар | 0,05 | 1,0 | 0,4 | *0,35* | *800,0* | *-0,6* | *40,0* |

## 2025-жылдын 31-декабрына карата жеткирип берүүчүлөр боюнча дебитордук карыздар боюнча маалымат

(сом)

| **№** | **Жеткирип берүүчүлөр** | **Багыты** | **Суммасы** |
|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргызтелеком” ААК | байланыш кызматтары | 72 674,57 |
| 2 | “Түндүк электр тармагы” ААК | электр энергиясы | 78 004,13 |
| 3 | “Кыргыз Партнер Нефть” ЖЧК | КММ | 181 775,60 |
| 4 | “Кыргыз Нафта” ЖЧК | КММ | 80 069,14 |
| 5 | “Газпром Кыргызстан” ЖЧК | газ | 2 304,07 |
| 6 | “Кыргыз почтасы” ААК | почта чыгымдары | 76 601,28 |
| 7 | “Тазалык” МИ | таштанды | 2 509,23 |
| 8 | “Бишкексууканал” МИ | суу | 4 614,61 |
| 9 | “Бишкек жылуулук тармагы” ААК | жылытуу | 154 073,20 |
| 10 | “Бедачи” ЖЧК | май алмаштыруу | 12 164,00 |
| 11 | “Акнет” ЖЧК | интернет | 2 800,25 |
| 12 | “Бек” ЖЧК | башка чыгымдар | 9 784,63 |
| | **Жалпы** | | **677 374,71** |

## 2025-жылдын 31-декабрына карата жеткирип берүүчүлөр боюнча кредитордук карыздар боюнча маалымат

(сом)

| № | **Жеткирүүчүлөр** | **Багыты** | **Суммасы** |
|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргызтелеком” ААК | байланыш кызматтары | 40 206,71 |
| 2 | “Түндүк электр тармагы” ААК | электр энергиясы | 5 199,26 |
| 3 | “Бишкексууканал” МИ | суу | 54 477,06 |
| 4 | “Бишкек жылуулук тармагы” ААК | жылытуу | 12 301,20 |
| 5 | Банников М.В. ЖИ | картридждерди толтуруу | 35 598,51 |
| 6 | “Кыргыз почтасы” ААК | почта чыгымдары | 26 517,23 |
| 7 | “Смарт счет” ЖЧК | башка чыгымдар | 29 055,45 |
| 8 | “Партнер нефть” ЖЧК | КММ | 138 560,12 |
| | **Жалпы** | | **342 905,54** |

## Пландалган максаттар боюнча жыйынтык көрсөткүчтөргө жетүү жөнүндө маалымат

(млн. сом)

| **Аталышы** | **Мурунку жылдын көрсөткүч-төрү** | **Көрсөт-күчтүн пландык мааниси** | **Көрсөт-күчтүн иш жүзүндөгү мааниси** | **Көрсөткүчтөрдүн жетишүү даражасы (%)** | **Өткөн жылдагы көрсөткүчкө жетишүү даражасы (%)** |
|---|---|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 73 722,8 | 82 160,0 | 82 863,1 | 100,9 | 112,4 |
| Башка кирешелер | 2 151,6 | 2 682,0 | 2 833,1 | 105,6 | 131,7 |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн кирешелер | 5 546,6 | 6 687,8 | 6 733,8 | 100,7 | 121,4 |
| Пенсияларды каржылоо | 90 359,2 | 105 062,9 | 104 735,9 | 99,7 | 115,9 |
| Аскер кызматчыларынын пенсияларын каржылоо | 4 314,4 | 5 072,8 | 4 800,6 | 94,6 | 111,3 |
| ММКФ каржылоо | 5 045,9 | 6 304,2 | 6 304,2 | 100,0 | 124,9 |
| ЭДЧФ каржылоо | 643,7 | 984,2 | 984,2 | 100,0 | 152,9 |

Социалдык фонддун 2025-жылга бюджети 1 474,8 млн. сом суммасында профицит менен бекитилген.

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджети 3 001,0 млн. сом суммасында профицит менен аткарылды.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетине караштуу**
**Кыргыз Республикасынын**
**Социалдык фондунун төрагасы** **Б. Дж. Алиев**